**Кыргыз тили. 7-класс.1-3-чейрек.**

**№ 1.** Кайсыл сүйлөм шилтеме ат атоочко мисал боло алат?
**A)** Бүгүнкү күнкү окуя абдан кызыктуу болду.
**B)** Кызыл жоолук кыздарга жакшы жарашты.
**C)** Ошол күнкү окуя менин эсимден кетпейт.
**D)** Сиз бүгүн бактылуу адам болдуңуз.
**E)** Кымбаттуу, балдар, эч качан саламды унутпагыла.

**№ 2.** Сын атооч катышкан сүйлөмдү белгилеңиз.
**A)** Алина кызыктуу китепти окуду
**B)** Көргөзмөдөн кызыккан китептерин алышты.
**C)** Айтылган кептери кызыктуу болду.
**D)** Апамдын айткан жомогу кызыктуудай сезилди.
**E)** Мугалимдин берген тапшырмасы кызыгууну жаратты.

**№ 3.** Тактооч катышкан сүйлөмдү белгилеңиз.
**A)** Мага жалбыздын жыты сезилди.
**B)** Чөптөргө жашынган курттарды ойготом.
**C)** Табият сулуулугу бардык адамга сезиле бербейт.
**D)** Шамалдуу жамгыр төгүп өттү.
**E)** Таң эрте шүүдүрүмдү көрөм.

**№ 4.** Асты сызылган сөздөрдөн мезгил тактоочту белгилеңиз.
**A)** Көнгөн адаты боюнча дагы көп сүйлөдү.
**B)** Буудайдан тонналап түшүмдү мол алышты.
**C)** Уялгандан анда-санда гана көрүндү.
**D)** Илгертеден келе жаткан салтты унутпайлы.
E) Мектептин ыраагы аябай сезилди.

**№ 5.** Асты сызылган сөздөрдөн орун тактоочту белгилеңиз.
**A)** Кечкисин неберелер жомок укту.
**B)** Үйүн көздөй жай кетип бара жатты.
**C)** Тиккен теректери бийик болуп өстү.
**D)** Элдин арасында жакшы кеп айтылат.
**E)** Балача ыйлап, чондорчо күлдү.

**№ 6.** Сын-сыпат тактоочту белгилеңиз.
**A)** Бир маалда асмандан жамгыр төктү.
**B)** Кыр-кырларда жылкылар жайылып жүрөт.
**C)** Бактыгүл ийгиликке бат жетти.
**D)** Миңдеген нөшөрлөгөн тамчылар жерге түшүп жатты.
E) Окууну бүтөр жылы бардым.

**№ 7.** Анын урматына музыка ... этип угулду.
Боштукка маанисине карата ылайыктуу тууранды сөздү коюңуз.
**A)** чыйк-чыйк **B)** тып-тып **C)** дүңк-дүңк
**D)** жарк-журк **E)** сорок-сорок

**№ 8.** Ички сезимди билдирүүчү сырдык сөздөр катышкан сүйлөмдү белгилеңиз.
**A)** Капырай, сен эмне болуп калгансың?
**B)** Алло, угулуп жатабы?
**C)** Алдей-алдей, уктай гой.
**D)** “Күчү-күчү”,-деп, итин чакырды.
E) Чишш, балдар уктап калды.

**№ 9.** Эрктик мамилени билдирүүчү сырдык сөздөр катышкан сүйлөмдү белгилеңиз.
**A)** Тысс, акырын сүйлө, башкаларга угулбасын.
**B)** Тобо, сен ушундай ишти жасадыңбы?
**C)** Ой, жашабагыр, улууларга каяша сөздү айтпай жүр.
**D)** Кап, бул ишти билгенде өзүм барсам болмок экен.
E) Ой-оой, сени кайсы шамал айдап келди?

**№ 10.** Кайсы сүйлөмдө сырдык сөздүн тыныш белгиси туура коюлган?
**A)** Ко-куй? Тез жет, качып кетет.
**B)** А-а мына, сен да келдин.
**C)** Ээй, окусаңар тиги Алтынайдай окугула.
**D)** А-ай бала, мен сага кечээ айтпадым беле.
E) Бүгүн ушунчалык, чарчадык ох.

**№ 11.** Кайсы сандын ордуна үтүр белгиси керек?
Пай-пай (1) быйылкыдай (2)жайдын ушунчалык (3) мээ кайнаткан ысыганын (4) көргөн эмесмин (5) сенчи?
**A)** 1,2 B) 1,5 **C)** 2,3 D) 1,4 E) 3,5

**№ 12. Маанисин жакындаштырып, боштукту толуктаңыз.**
..., Алинанын келбегенин карачы.
**A)** Бах **B)** Ыя **C)** Кап **D)** Ырахмат **E)** Тай-тай
**№ 13.** Төмөнкү сүйлөмдөн атоочтукту бөлүп көрсөткүлө.
Ал ыр үчүн киндик каны тамган Ата Журтунан алыс кетти.
**A)** Ал ыр үчүн **B)** киндик каны
**C)** тамган **D)** Ата Журтунан **E)** алыс кетти
**№ 14.** Кайсы сүйлөм атоочтукка мисал боло алат?
**A)** Кино көрүүчү залда жаңы кино коюлду.
**B)** Кино залда жаңы кино коюлду.
**C)** Сынчылар тарабынан киного сындар айтылды.
**D)** Жаштар кино залда кино көрүштү.
E) Кинодон актерлордун чеберчилиги көрүндү.
**№ 15.** Чакчылды белгиле.
Бүгүн айды булут басып калды.
**A)** Бүгүн **B)** айды **C)** булут
**D)** басып **E)** калды
**№ 16.** Чакчылды уюштуруучу мүчөнү белгиле.
**A)** -майынча **B)** -бас **C)** -чы **D)** -кер E) -дай
**№ 17.** Атоочтукту уюштуруучу мүчөнү белгиле.
**A)** –га **B)** -ып **C)** –ында **D)** -оочу **E)** -а
**№ 18.** Асты сызылган кыймыл атоочтун синтаксистик кызматын белгиле.
Ишке эргүү адамдын өзүнөн болот.
**A)** ээлик **B)** баяндоочтук **C)** аныктоочтук
**D)** толуктоочтук E) бышыктоочтук
**№ 19.** Кыймыл атооч катышкан сүйлөмдү белгилеңиз.
**A)** Ар адамдын сүйгөн кесиби болот.
**B)** Жаңылбас жаак, мүдүрүлбөс туяк болбойт.
**C)** Калптын казаны кайнабайт.
**D)** Көнгөн адат калбайт, уйга жүгөн салбайт.
E) Жаман адат бирөөнү алдамай болуп саналат.
**№ 20.** Жандооч катышкан сүйлөмдү белгилеңиз.
**A)** Жеңиштин атасы кумараларды ары кызыктуу, ары жандуу кылып жасайт.
**B)** Алтындан да, жезден да буюмдарды жасады.
**C)** Кол өнөрчүлөрдүн көргөзмөсү уюштурулду.
**D)** Уста менен уздар өнөрлөрүн тартуулашты.
**E)** Уста өзүнүн чеберчилиги жөнүндө айтып берди.
**№ 21.** Сүйлөмдүн маанисине карата боштукту жандооч менен толуктаңыз.
Ат чабышта күлүктөр ... чоң байге сайылды.
**A)**жөнүндө . **B)** үчүн
**C)** тууралуу
**D)** сыяктуу
**E)** көрө